## СОЦИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## SOCIOLOGICAL SCIENCES

DOI:10.26104/NNTIK.2023.66.62.036

*Меңдибаев Н.*

# АЙЫЛ АЙМАКТАРЫНДА ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУ СОЦИАЛДЫК КАПИТАЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ФАКТОРУ КАТАРЫ

*Мендибаев Н.*

# ЗАНЯТОСТЬ В СЕЛЬСКИХ РЕГИОНАХ КАК ФАКТОР РАЗВИТИЯ СОЦИАЛЬНОГО КАПИТАЛА

*N. Mendibaev*

# EMPLOYMENT IN RURAL REGIONS AS A FACTOR OF SOCIAL CAPITAL DEVELOPMENT

*УДК: 316.42*

*Бул макалада айыл аймактарында жумуш менен камсыз болуу социалдык капиталды өнүктүрүүнүн фактору катары талдоого алынып, ошондой эле айыл аймактык социумдун субъектиси катары, социалдык жалпылык катары айыл социологиясын системалуу изилдөөнүн баштапкы пункту болуп санала тургандыгына көңүл бурулат. Айыл социологиялык түзүлүш катары айылдын аймактык жалпылыгынын социеталдык маңызындагы оң же терс өзгөрүүлөрдүн динамикасын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү айылдын структуралык мейкиндигинин спецификалык тилкеси болуп саналат. Бул контекстте айылды айыл жергесине тиешелүү белгилерге ээ болгон, коомдун социалдык-аймактык подсистемасы катары кароо туура болот. Андыктан айыл тургундарынын жумуш менен камсыз болушу айыл коомчулугун бириктирүүчү жана социалдык капиталды сактоого жана өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү факторлордун бири болуп саналат. Аймактын калкынын жашоо сапатынын социалдык капиталды өнүктүрүүгө тийгизген таасири жөнүндөгү маселе өзүнчө изилдөөгө татыктуу. Айылдагы иш менен камсыз болуу айыл коомчулугун интеграциялоо функциясын аткарат башкача айтканда, бул социалдык капиталды өнүктүрүүнүн бир формасы болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *айыл, айыл жашоочулары, айылдык аймак, жашоо деңгээли, жашоо сапаты, социалдык капитал, социалдык жыргалчылык, аймактык өнүгүү, аймактык көйгөйлөр.*

*В этой статье рассматриваются занятость в сельских регионах как фактор развития социального капитала. Научная проблема качества социального капитала региона восходит к изучению понятия «социальный капитал» и далее к исходным субстанциям солидарности и социальных связей. То есть, в основе изучения научной проблемы лежат ценностный и коммуникативный подходы. В данном контексте предполагается рассмотрение села как некой социально-территориальной подсистемы общества, обладающей соответствующими признаками сельской местности. Исходя из данного определения, мы базируемся на исходной посылке в том, что занятость сельчан выступает одним из факторов, сплачивающих сельскую общность и способствующих сохранению и развитию социального капитала. Ключевым в данном исследовании выступает понятие «социальный капитал», в связи с чем, следует остановить внимание на его трактовке. Концепция социального капитала, как справедливо считается, заимствована из социально-экономических наук, и затем экстраполирована на область социально-гуманитарных наук.*

***Ключевые слова:*** *село, социальный капитал, социальная общность, сельское сообщество, сельские проблемы, занятость, занятости сельского населения, социальное доверие.*

*This article discusses employment in rural areas as a factor in the development of social capital. The scientific problem of the quality of the social capital of the region goes back to the study of the concept of "social capital" and further - to the initial substances of solidarity and social ties. That is, the study of a scientific problem is based on value and communicative approaches. In this context, it is supposed to consider the village as a certain socio-territorial subsystem of society, which has the corresponding features of the countryside. Based on this definition, we are based on the initial premise that the employment of the villagers is one of the factors that unite the rural community and contribute to the preservation and development of social capital. The key concept in this study is the concept of "social capital", in connection with which, attention should be paid to its interpretation. The concept of social capital, as rightly considered, is borrowed from the socio-economic sciences, and then extrapolated to the field of social sciences and humanities.*

***Key words:*** *village, rural residents, rural area, standard of living, quality of life, social capital, social well-being, regional development, regional problems.*

Айыл социалдык жалпылык катары айыл социологиясын системалуу изилдөөнүн баштапкы пункту болуп саналат. Айылдагы либералдык кайра түзүүлөр көбүнчө салттуу айылдын маңызына, жамаатка негизделген айылдык менталитетке, өзгөрүүгө болгон ишенимге жана консерватизмге карама-каршы келет. Айыл социологиялык түзүлүш катары айылдын аймактык жалпылыгынын социеталдык маңызындагы оң же терс өзгөрүүлөрдүн динамикасын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү айылдын структуралык мейкиндигинин спецификалык тилкеси болуп саналат. Бул контекстте айылды айыл жергесине тиешелүү белгилерге ээ болгон, коомдун социалдык-аймактык подсистемасы катары кароо туура болот. Бул аныктамага таянып, биз айыл тургундарынын жумуш менен камсыз болушу айыл коомчулугун бириктирүүчү жана социалдык капиталды сактоого жана өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү факторлордун бири болуп саналат деген баштапкы жобого таянабыз. Биздин гипотеза төмөнкүдөй: калкты жумуш менен камсыз кылуу жаатында

азыркы айылдын социалдык мейкиндигин либералдаштыруу анын бүтүндүгүн бузуп, социалдык капиталдын өнүгүшүнө тоскоол болот.

Бул изилдөөдө негизги түшүнүк «социалдык капитал» түшүнүгү болуп саналгандыктан, аны чечмелөөгө көңүл буруу зарыл. Социалдык капитал түшүнүгү, адегенде социалдык-экономикалык илимдерден алынган, андан кийин социалдык-гуманитардык илимдер чөйрөсүнө экстраполяцияланган. Алгачкы жолу Л.Дж. Ханифан (1920) тарабынан колдонулуп, адегенде социалдык коомчулуктун, топтун мүчөлөрүнүн ортосундагы социалдык байланыштардын жана тилектештиктин болушун билдирген [1]. Социалдык капиталдын деңгээли жогору болгон коомчулуктар социалдык көйгөйлөрдү эффективдүү чечишет жана оор кырдаалдардан бат чыгышат деп болжолдонот. Азыркы илимпоздордун көпчүлүгү методологиялык карама-каршылыкка карабастан, социалдык капиталды түшүнүүдө жана чечмелөөдө жалпы нерсе, тактап айтканда, коомдук турмуштун интегралдык сапаттык көрсөткүчү катары бир орток жалпылык бар деген пикирди билдиришет. Кийинчерээк «социалдык капитал» түшүнүгүнүн концептуализациясы эки негизги позицияга кыскарган: аларды шарттуу түрдө микродеңгээлдик жана макродеңгээлдик подходдор деп атоого болот. Биздин оюбузча, эки позиция тең алгылыктуу, алар өз ара жалпы (макро) жана жекече (микро) катары байланышта болот [2]. Биз изилдөөбүздө макродеңгээлге басым жасоо менен эки ыкманын тең мүмкүнчүлүктөрүн колдонобуз: биз айылдык коомчулукту кандайдыр бир жалпы социомаданий негиздерде калыптанган системалуу бүтүндүк катары карайбыз. Бул жерде социалдык капиталдын критерийлери болуп айыл жалпылыгынын уюштуруучулук деңгээли, адамдардын ушул жалпылыктын мүчөлөрү катары жалпы баалуулуктарды жана нормаларды бөлүшүү даражасы саналат.

Социалдык капиталды изилдөөгө болгон макродеңгээлдеги подходдун негизинде биз изилденүүчү түшүнүктүн төмөнкү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтөбүз. Биринчиден, бул айыл калкынын иш менен камсыз болуусу. Окумуштуулардын туура пикири боюнча айыл калкынын жана жумушчулардын айыл чарба ишканаларында иш менен камсыз болуусун көп функционалдуу кубулуш катары кароого болот: ал эмгекке жөндөмдүүлүктү ишке ашырууну жана белгилүү бир тамак-аш продуктыларын жана сырьёлорду чыгарууну гана камсыз кылып калбайт. Айылдагы иш менен камсыз болуу айыл коомчулугун интеграциялоо функциясын аткарат башкача айтканда, бул социалдык капиталды өнүктүрүүнүн бир формасы болуп саналат [3].

Кийинки базалык түшүнүк – бул айылдын жашоочуларынын айыл жергесине болгон ишеним деңгээли. Социалдык ишеним – бул жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнүн практикасынын натыйжасы, башкача айтканда, Гидденстин методологиясына ылайык, социеталдык структуралар социалдык ишенимдин негизинде түзүлөт, ал макродеңгээлди (шарттуу түрдө-мамлекет), мезодеңгээлди (шарттуу түрдө – аймак, муниципалитеттер, локалдык коомчулуктар) билдирет [4]. Дагы бир негизги түшүнүк – бул айылдыктардын жалпы баалуулуктарды жана салттарды, же тилектештикти бөлүшүү даражасы. Бул түшүнүктөр айыл коомчулугунда социалдык капиталдын өнүгүүсүнүн белгилери болуп саналат. Эмпирикалык изилдөөнүн негизи соңку жылдарда Кыргызстанда жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында алынган маалыматтардын, ошондой эле, республика боюнча расмий статистиканын маалыматтарынын жыйынтыгында чагылдырылган.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, ал жерде айыл жеринде өз эмгегин колдонуу мүмкүнчүлүгү өтө чектелүү болгондуктан, жаштар айыл жергесине жигердүү келе беришпейт. Сурамжыланган айыл тургундарынын баалоосу боюнча, реформадан кийинки мезгилдерде айыл чарба өндүрүшүндө сурамжылоо жүргүзүлгөн жарандардын 3% гана иш менен камсыз болгон. Ошентип, жогоруда келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, айылда трансформациялык жараяндар башталган мезгилде иш менен камсыз болуунун өндүрүштүк эмес сектору көп орунду ээлей баштаганын, иш менен камсыз болуунун вектору бара-бара соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө жыла баштаганын көрүүгө болот; мындан тышкары, чакан жана орто бизнес өнүгө баштаган. Айыл чарба өндүрүшүндө иштегендердин негизги бөлүгүн улуу муундун өкүлдөрү түзөт, жаштар арасында бул үлүш нөлгө барабар. Бул улуу муун ата-бабалардан калган көнгөн эмгек жолуна ыктай тургандыгынан, ал эми жаштар арасында тобокелдик стратегиялары басымдуулук кылганынан кабар берет. Бул иш менен камсыз болуу стратегиялары боюнча айыл жамаатынын ар кандай топторго бөлүнүшү жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет. Айыл коомчулугунун мобилдүү бөлүгү жаңы секторалдык мүмкүнчүлүктөргө тез кошулганы айдан ачык.

Автордук изилдөөдөгү сурамжылангандардын көрсөткүчү боюнча, чындыгында үй-бүлөлөрдүн (үй чарбалардын) үчтөн экисинде жумушсуз үй-бүлө мүчөлөрү бар. Бул маалыматтар айыл тургундарынын олуттуу бөлүгү чындыгында өндүрүмдүү коомдук эмгектен жана ИДПны өндүрүүдөн четте калгандыгын, экономиканын айрым секторлорунда эмгектин деградациясы байкалып жатканын көрсөтүп турат. Көптөгөн мамлекеттик ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин жоюлушу жумушсуздукка, бүтүндөй калктын турмуш деңгээлинин начарлашына алып келет.

Расмий статистикага ылайык, акыркы жылдарда Кыргызстандын айыл чарбасында жумуш менен камсыз болуу бир катар багыттар боюнча өсүүдө бул айылдын социалдык жалпылык катары акырындап чыңдалышына үмүттөнүүгө мүмкүндүк берет. Ошол

эле учурда, жаңы экономикалык реалдуулукта айыл калкынын адаптациялык потенциалы азырынча анча жогору эмес деп тыянак чыгарса болот. Жыйынтыгында айыл эли жашаган жеринен сырт жактарда эмгектенүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү издөөгө аракет кылышат, бул көрүнүш миграциянын жогорку көрсөткүчтөрүндө, айрыкча жаштар арасында көбүрөөк байкалууда.

Айыл жеринде жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында сурамжылоого катышкандардын 18% ата-бабалардын каада-салты, үрп-адаттары дал ушул айылда тээ илгертен сакталып келгендигин, биримдик күчөп баратканын, айыл кичи мекен экенин жана айылда адамдардын мекенчилдик сезими бекемделерин белгилешет. Бул айыл тургундарынын арасында биримдик сезиминин жана социалдык жалпылыкты чыңдоого умтулуунун бар экендигин белгилөөгө мүмкүндүк берет. Мында үй-бүлө менен үй-бүлөлүк баалуулуктардын интеграциялык ролу чоң. Изилдөөлөр эмоционалдык байланыштарды жана коомдук мамилелерди калыптандырууда үй-бүлөнүн мааниси жогору экендигин, айыл тургундарынын үй-бүлөгө болгон ишениминин деңгээли башка бардык социалдык институттарга караганда жогору экендигин көрсөтүп турат. Айылдагы дагы бир интеграциялык институт болуп дин саналат.

Акыркы жылдарда айыл тургундарынын өз алдынча чарба жүргүзүүгө умтулуусу күчөп бара жатат. Демек, изилдөөнүн жыйынтыгында «Сизге айылда жашоо эмнеси менен жагат?» деген суроого сурам жылангандардын жарымы (49,4%) өзүнүн жер участогу, үйү бар экендигин, көмөкчү чарба менен алектенерин, өздөрүн азык-түлүк жана башка табигый товарлар менен камсыздашарын айтып, жооп беришкен [5]. Ошентип, айыл жеринде калктын иш менен камсыз болуусу бүгүнкү күндө көйгөй, бул көйгөй тандалып алынган стратегияларга карап, айыл элин түрдүү топторго дифференциациялоого мүмкүндүк берет, бул болсо айыл жеринде социалдык капиталдын өсүшүнө мүмкүндүк бербейт. Эгерде биз мындай көрүнүштү Россия федерациясынын Татарстан Республикасындагы айыл жеринде иш менен камсыз болуунун деңгээли менен салыштырып карай турган болсок, анда ал жердеги расмий статистикага ылайык, акыркы бир нече жылда бул көрүнүштөр бир топ төмөндөгөндүгүн байкоого болот. Алсак, 2015-жылы 2014-жылга салыштырмалуу 2%, 2019-жылы дагы 2% азайган. Бул айылдын эмгек потенциалынын төмөндөшү жана айыл коомчулугундагы терс тенденциялардын өсүшү, анын ыдырашы жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет. Бул жаштардын басымдуу бөлүгү айыл чарба өндүрүшүн улуу муунга калтырып, акча табуу үчүн шаарга кетип жатканынан да көрүнүп турат. Тенденциялар Кыргызстан менен абдан окшош. Ошол сыяктуу эле, Татарстандагы айыл тургундарынын өздөрүнүн натуралдык чарба жүргүзүүгө болгон мамилеси сакталып калууда - республикадагы айыл тургундарынын 100% өздүк чарбасы бар, алардын жарымына жакыны натуралдык чарбадан түшкөн кирешенин эсебинен гана жашайт. Ошол эле учурда, айыл күчтүү бойдон калууда, бул өзгөчө татар айылдарына жана кыштактарына тиешелүү [6].

Салыштырмалуу талдоо бир катар себептерден улам азыркы айылдык жамааттарда социалдык дифференциация жараяндар жүрүп жатканын көрсөттү. Мындай негиздердин бири элеттик жарандардын аң-сезиминин жана жүрүм-турумунун жаңы тибин калыптандырууга даярдыгы болуп саналат. Рыноктук экономикалык жүрүм-туруму басымдуулук кылган «жаңы» типтеги айыл тургуну калыптанып жаткандыгын көрсөтөт. Демек, айыл коомчулугунда айылдын жаштары көбүрөөк тартылган жаңы экономикалык катмардын бөлүнүп чыгуусу жөнүндө айтсак болот. Улуу муундун өкүлдөрүндө салттуу аң-сезим басымдуураак, алардын рыноктук менталитети анча жакшы өнүккөн эмес. Ушуга байланыштуу алардын иш менен камсыз болуу стратегиялары иш менен камсыз кылуунун салттуу формалары менен гана чектелет.

Социалдык-маданий кубулуш катары аймактар боюнча изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын талдоодо бүгүнкү күндө айыл иш менен камсыз болууда интеграциялык мүнөзгө ээ болбогондуктан, социалдык капиталдын өнүгүшүнө толук салым кошо албай тургандын көрсөттү. Андыктан аймакта дифференциялоо жараяндары жүрүп жатат. Ошону менен катар, аймактардын социалдык капиталы биримдикке умтулуу, салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана динчилдикти сактоо менен мүнөздөлгөн айылдык менталитетке негизделген. Дал ушул баалуулуктар бүгүнкү күндө айылдын менталитети басымдуулук кылган айыл аймактарында социалдык капиталды өнүктүрүүнүн фактору болуп саналат.

**Литература:**


1. Социальный капитал как научная категория. “Круглый стол ученых” // Общественные науки и современность. - М.: 2004. - №4. - С.5
2. Трескин П.А. Общественные организации как социальный капитал региона // Государственное управление. Электронный вестник. 2017. - №64. - С. 263-277.
3. Тренгулов И.С. Рост занятости как ключевой фактор повышения качества жизни сельского населения // Вестник Самарского университета. - 2011. - № 87. - С. 197.
4. Социология социального пространства. М.: Институт экспериментальной социологии. - СПб.: Алетейя, 2005. / В 2-х т. - Т-1. - С. 69.
5. Мендибаев Н. Айыл социеталдык бүтүндүк катары өзгөрүлмөлүү коомдо. / Монография. - Б., 2014. - С. 214.
6. Фатхуллина Л.З. Качество жизни сельского населения: от теории к практике // Вестник Казанского государственного технологического университета. - 2011. - №23. - С. 243.